**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы Д 12.24.695 диссертациялык кеңештин 12.00.02 — конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгаруу боюнча отурумунда**

# АЛДЫН АЛА КОРГОО ПРОТОКОЛУ №11

«1» ноябрь 2024-жыл Бишкек ш.

**Төрайым:** юридика илимдеринин доктору, профессор **Кулдышева Гүлсара Кенжеевна.**

Күн тартибинде: Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын «Кыргыз Республикасындагы нотариустун укуктук макамы» аттуу темада диссертациясын алдын ала коргоо каралат.
12.00.02 — конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча. Диссертациялык кеңештин 13 мүчөсүнүн ичинен 11 илимдин доктору бар. Алардын ичинен каралып жаткан диссертациянын профили боюнча 4 илимдин доктору, 2 жүйөлүү себептер менен келбей калгандар, 2 илимдин доктору онлайн режимде катышууда. Кворум бар.

Күн тартиби боюнча кандай пикирлер болот?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Макул!

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:**
Каршылык жок. Күн тартиби бекитилди. Отурумга келүү баракчасына ылайык диссертациялык кеңештин төмөнкү мүчөлөрү катышууда:

1. **Кулдышева Гулсара Кенжеевна** (төрайым) – юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы; 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук;
2. **Арабаев Чолпонкул Исаевич** (төрайымдын орунбасары) – юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук (эмгектеринин жыйындысы боюнча); 12.00.03 - жарандык укук; бизнес мыйзамы; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук.
3. **Жылкичиева Кундуз Сапарбековна** (окумуштуу катчы) – юридика илимдеринин доктору, адистиги: 12.00.01-укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы; 12.00.03 - жарандык укук; бизнес мыйзамы; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук.
4. **Бейшембиев Эсенгул Джумашевич** - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук;
5. **Жумабекова Турдукан Абдыкарыевна** - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы;
6. **Мурзабекова Жыпар Таавалдиевна** - юридика илимдеринин доктору, доцент; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана

тарыхы; укук жана мамлекет тууралуу илимдердин тарыхы; 12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук (эмгектеринин жыйындысы боюнча);

**7. Мурзаибраимов Нурбек Бектемирович** - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет тууралуу илимдердин тарыхы; 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук (эмгектеринин жыйындысы боюнча);

**8. Ниязова Анара Натуевна** - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук.

**9. Самарходжаев Батыр Биялович** - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук.

**10. Туратбекова Чынара Акылбековна** - юридика илимдеринин доктору; доцент; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы: укук жана мамлекет тууралуу илимдердин тарыхы; 12.00.03 – жарандык укук; ишкердик укук; үй-бүлөлүк укук; эл аралык жеке укук;

**11.Чикеева Зура Чимырбаевна** - юридика илимдеринин доктору; доцент; адистиги: 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы: укук жана мамлекет тууралуу илимдердин тарыхы.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Сөз ю.и.д., Жылкичиева К.С., окумуштуу катчыга изденүүчүнүн өздүк иши боюнча берилет.

**Окумуштуу катчы ю.и.д., Жылкичиева К.С.:** Оморова Гүлзат Сатыбалдыевна аттестациялык ишинин бардык документтери Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына толук жооп берет жана ылайыктуу түрдө туура түзүлгөн.

**Изденүүчү Оморова Гүлзат Сатыбалдыевна,** Кыргыз Республикасынын жараны, кыргыз, 1980-жылы Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунда туулган.

**Билими:** Жогорку, 2002-жылы Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин “Юриспруденция” адистигин аяктаган.

**Иштеген жери:** Ош мамлекеттик университетинин Тарых-юридика институтунун “Жарандык укук жана процесси” кафедрасынын улук окутуучусу. 2017-жылдын 2 октябрында Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши «Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын кандидаттык диссертациясынын темасын бекитүү жана илимий жетекчисин дайындоо» жөнүндө чечими менен, 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча, юридикалык илимдердиин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылуучу ***«Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы»*** аталыштагы кандидаттык диссертациясынын темасы бекитилип, илимий кеңешчиси болуп юридикалык илимдердиин доктору, профессор Арабаев Автандил Анисович дайындалган.

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин “Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасында аткарылды жана 2024-жылдын 26-мартында жогоруда аталган кафедранын кеңейтилген отурумунда талкууланып, бир добуштан «Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча, юридикалык илимдердиин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ***«Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы»*** темасындагы кандидаттык диссертациясы **«коргоого сунуштгалсын»** деген токтом кабыл алынган.

**Диссертанттын изилденген тема боюнча илимий эмгектери:**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берген 20 илимий макала жергиликтүү жана чет элдик басылмаларда жарыяланган.

Алардын ичинен: 7 макала **РИНЦ** те индкстелүүчү журналдарда 1 макала Web of science жана 1 макала Scopus та. **11** макала кыргыз тилинде.

Жарыяланган илимий макалалардын жалпы баллы: **425** балл.

**1.** Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча, юридикалык илимдердиин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ***«Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы»*** аталыштагы кандидаттык диссертациясы 2024-жылдын 25-июнунда, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мамлекет жана укук институтунун, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин алдындагы юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын ыйгаруу боюнча ***Д.12.24.695 Диссертациялык кеңешинин жыйынында бир добуштан өндүрүшкө кабыл алынды.***

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Изденүүчүнүн өздүк иши боюнча илимий катчыга кандай суроолор бар? Суроолор жок.

Коргоо үчүн сунушталган диссертациянын негизги жоболорун жарыялоо үчүн сөз изденүүчү Оморова Гулзат Сатыбалдыевнага берилет.

**Изденүүчү Оморова Г.С.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрайымы! Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Сиздердин назарыңыздарга "Кыргыз Республикасында нотариустун укуктук макамы" темасындагы доклад берүүгө уруксат этиңиздер.

Кыргыз Республикасында нотариустарга жеке жана юридикалык жактардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылган, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү жүгүртүү чөйрөсүндө туруктуулукту жана коопсуздукту кепилдеген кеңири чөйрөдөгү ыйгарым укуктар берилген.

**Теманын актуалдуулугу** жарандык-укуктук мамилелерде нотариустардын ээлеген орду жетиштүү деңгээлде бийик экендиги менен шартталган. Ата мекендик нотариат ар дайым мамлекеттик ишмердиктин маанилүү юридикалык институттарынын бири болуп келген жана болуп кала берет. Нотариустун ишинин сапатына жарандык жүгүртүүнүн нормалдуу иштеши, жарандардын жана юридикалык жактардын мүлктүк жана

мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоонун натыйжалуулугу көз каранды. Нотариустар жана жалпысынан юридикалык жамааттар менен активдүү өз ара аракеттенүү нотариалдык палатанын ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасында нотариат органдары дайыма өркүндөтүлүп турат, санариптик технологияларды өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат, бул укуктук мамилелердин коопсуздугуна жана мыйзамдуулугуна зыян келтирбестиги үчүн өтө манилүү. Бүгүнкү күндө нотариустар жарандарга жана бизнеске инновацияга негизделген опциялардын бүтүндөй чөйрөсүн сунушташат: юридикалык жактан маанилүү болгон документтерди электрондук түрдө тариздөөдөн тартып, видеобайланыш боюнча бүтүмдөрдү күбөлөндүрүүгө жана айрым нотариалдык иш-аракеттерди онлайн алууга чейин. Азыркы учурда нотариустун укуктук статусу, колдонуудагы мыйзамдардын учурдагы талаптарына жооп берет, аны ишке ашырууда нотариалдык ишти уюштурууда

Укуктук статусу менен бирге нотариаттын мамлекеттеги жана коомдогу ээлеген ордун белгилей кетүү керек. Нотариаттын ээлеген ордун төмөнкүдөй мүнөздөөгө болот: Талаш-тартыштарды чече турган башка кызмат адамдары менен катар, коомдук бейпилдик тараптардын кеңешчилерине жана алардын эркинин калыс жактоочуларына кызыкдар болбостон, тараптарды келишимдик милдеттенмелеринин мааниси жөнүндө кабардар кылган, алардын мазмунун толугу менен билдирип, аларга чыныгы актынын мүнөзүн жана даттанууга жатпаган сот чечиминин күчүн берип, ак ниеттүү адамдардын ортосундагы чыр-чатактардын пайда болушуна жолтоо болуп, ач көздүк кылгандардын ийгиликке болгон үмүтүн, адилетсиз дооматты козгоо каалоосунан ажырата турган ар кандай кызмат адамдардын болуусун талап кылат.на жүзөгө ашырууда коомдук мамилелерди чагылдырат, бүгүнкү илимий талкуунун предмети болуп саналат.

Илимий дүйнөдө превентивдүү (алдын алуу) сот адилеттигине нотариалдык ишмердиктин тиешелүүлүгү боюнча азыркы кезге чейин ар кандай пикирлер бар. Нотариалдык ишмердиктин мындай таасири биздин өлкөгө гана эмес, постсоветтик мамлекеттерге да мүнөздүү.

Анткени нотариус талаш-тартыштарды алдын алуу жана келечектеги чыр-чатактарды жоюуга көмөктөшүү менен укуктук коргоону камсыз кылат, ал сот адилеттигининин жардамчысы болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** Кыргыз Республикасында нотариустун укуктук статусу чөйрөсүндө укуктук изилдөө жүргүзүү болуп саналат.

Көрсөтүлгөн максат өз ара байланышкан төмөнкү **милдеттердин** коюлушун жана чечилишин аныктайт:

1. Нотариалдык ишмердикти өнүктүрүүнүн тарыхый-укуктук аспектилерине комплекстүү талдоо жүргүзүү;
2. Нотариат институтунун жана укуктагы нотариалдык мыйзамдардын эволюциясын изилдөө;
3. Кыргыз Республикасында нотариустун укуктук статусун изилдөөнүн методологиясын карап чыгуу;

4. Нотариустун укуктук статусуна, анын функцияларына жана ыйгарым укуктарына талдоо жүргүзүү;
5. Калктуу конуштарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан нотариалдык кызмат көрсөтүүлөрдү камсыздоонун негизги маселелерин табуу жана аныктоо;
6. Кыргыз Республикасында нотариустун ишмердигин укуктук жөнгө салуунун заманбап маселелерин табуу жана аныктоо;
7. Нотариустун юридикалык жоопкерчилигинин келип чыгышынын юридикалык аспектилерин карап чыгуу;
8. Нотариустун укуктук статусун реформалоонун негизги жолдорун табуу жана аныктоо.

**Коргоого алып чыгууга диссертациянын негизги жоболору:**

1. Улуттук нотариат жана нотариустун укуктук статусу жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргогон институт катары калыптануунун кыйла татаал жолун басып өткөндүгү аныкталды жана бүгүнкү күндө мамлекеттик органдардын, ошондой эле нотариат жөнүндө мыйзамдарга ылайык нотариалдык иш-аракеттерди жасоо укугу берилген кызмат адамдарынын системасы болуп саналат. Бул системага Юстиция министрлиги, мамлекеттик нотариустар, жеке мекемелердин нотариустары, аткаруу бийлигинин жана консулдук мекемелердин кызматкерлери, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарга ылайык өзгөчө учурларда нотариалдык иш-аракеттерди жасоого ыйгарым укуктуу башка кызматкерлер кирет. Кыргыз Республикасындагы нотариалдык укук мамилелерин жана нотариалдык аракеттерди жасоонун тартибин жөнгө салуучу укуктук ченемдердин системасы латын тибиндеги нотариуска жакын, анын негизги функцияларына төмөнкүлөр кирет: жеке келишимдерге чыныгы мүнөз берүү, өзгөчө далилдөө жана аткаруу күчү, ошондой эле жалпы кызыкчылыктарды коргоо.

2. Мамлекеттин жеке жана рыноктук экономикага өтүшү менен жарандардын ортосундагы укуктук мамилелер жана жарандык иш жүгүртүүнү реформалоо укуктук мамилелердин катышуучуларынын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо боюнча чараларды көрүүнү талап кылгандыгы негиздүү. Нотариалдык система бүгүнкү күндө укук каражаттарынын бири болуп саналат, анын негизинде мамлекет жарандардын мүлктүк жана жеке мүнөздөгү укуктарын жана эркиндиктерин коргоого кепилдик берет. Нотариалдык укукту укуктун өз алдынча тармагына толук кандуу тариздөө үчүн укуктук ченемдердин ушул чакан системасынын милдеттерин жана функцияларын аныктоо талап кылынат. Алардын катарына төмөнкүлөр кириши мүмкүн: учурдагы мыйзамдарда жана укук колдонуу практикасында нотариаттын ишмердигин уюштуруунун конституциялык негиздерин ишке ашыруу, нотариалдык укук мамилелеринин субъектилеринин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу, нотариустар тарабынан ачык функцияларды жана алардын мыйзамдуулук режимин контролдоону укуктук жөнгө салуу, нотариалдык жол-жоболорду оптималдаштыруу, коңшу өлкөлөрдүн нотариаттарын укуктук жөнгө салууда тажрыйба алмашуу.

3. Коомдук мамилелерди конституциялык, административдик жана жарандык жөнгө салуу методдорунан айырмаланып турган нотариалдык укуктун спецификалык методологиясын аныктоо теориялык маселе болуп санала тургандыгына жүйө келтирилген. Биздин көз карашыбыз боюнча, бул жерде негизги ыкма нотариалдык коомчулуктун демократиялуулук, өзүн-өзү уюштуруу жана мыйзам менен аныкталган автономия принциптерине негизделген корпоративдик-кесиптик мамиле болушу керек. Нотариат өзүнө жүктөлгөн милдеттерди өз алдынча, өзүнүн жоопкерчилиги астында, мамлекеттин анын ишмердигине минималдуу кийлигишүүсү менен ишке ашыра алат. Нотариаттын иш жүргүзгөндүгүнө мамлекеттик контроль жүргүзүүнүн негизги формасы бийликтин сот органдарында талаш-тартыштарды чечүү болууга тийиш.

4. Нотариат институционалдык мааниде жарандарга жана уюмдарга жеке юридикалык жардам көрсөтүү менен айкалыштырып мамлекеттин атынан укук коргоо жана юрисдикциялык функцияларды жүзөгө ашыруучу мамлекеттик жана жеке нотариустардын, ошондой эле алардын бирикмелеринин системасын өзүнө камтый тургандыгы негизделген. Юридикалык жактан бир кыйла тар мааниден алганда нотариат - бул нотариаттын социалдык-укуктук институт катары калыптанышы жана иштеши жаатындагы коомдук мамилелерди жөнгө салуучу укуктук ченемдердин системасы. Акыр-аягы, нотариатты уюштуруу жана ишмердүүлүгү коомдук мамилелерди укуктук-укуктук жөнгө салуу механизмин камсыз кылган кесипкөй юридикалык корпорация катары да түшүнсө болот. Бүгүнкү күндө нотариат нотариалдык ишмердикти жөнгө салууда ачык-айкындыктын белгилерине ээ; нотариустардын кош (дуалисттик) категориясында бирдей статуска ээ жана ушундай эле нотариалдык ишмердикти жүзөгө ашырат; жарандык коом институту менен окшоштуктары бар (башкача айтканда, мамлекеттик органдардын системасына кирбейт); жарандардын, мамлекеттин, коомдун жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарын билдирет, адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо талашсыз сот адилеттиги болуп саналат.

5. “Нотариат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында түздөн-түз көрсөтүлгөндүктөн нотариустун укуктук статусун жеке ишкердин укуктук статусу менен теңдештирүүгө болбой тургандыгы негизделген. Нотариалдык ишмердик товарды сатуу болуп саналбайт. Нотариус өзүнүн кесиптик ишмердигинин натыйжаларын ишке ашырбайт жана керектебейт. Мамлекеттин атынан иш алып барган нотариустун ишмердигинин натыйжасы кардарга, ал үчүн эмес, ага кайрылган адамга багытталат. Мамлекеттик жана жеке нотариустарга тиешелүү кош жеке жана жалпы укуктук жоболор жеке нотариустарга да тиешелүү, анткени жалпы аспектиде алар жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча мамлекеттик милдеттерди жүзөгө ашыруунун зарылчылыгында, ал эми жеке аспектиде-мамлекет тарабынан берилүүчү атайын мыйзамда каралган ченемдерге ылайык калкка квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө турат.

6. Нотариалдык иш-аракеттердин айрым түрлөрүн аткарууга укук берүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атайын ыйгарым укуктуу кызмат адамы укук берүүнүн оң натыйжаларын көрсөтүп жаткандыгы аныкталды. Ошону менен бирге, мамлекетти социалдаштыруу принцибин ишке ашыруучу мыйзам чыгаруу органы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан нотариалдык иш-аракеттерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) жүзөгө ашыруу үчүн жеңилдетилген шарттарды белгилейт, бул планды ишке ашырууну кыйындатат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары тарабынан нотариалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүлөр туш болушат: тиешелүү каржылоонун жоктугу, бул кызмат адамдарынын нотариалдык иш-аракеттерди жасоодон баш тартуусуна алып келет; жогорку юридикалык билимдин тиешелүү деңгээлинин жоктугу; тиешелүү кепилдиктердин жоктугу; муниципалдык кызматчылардын жоопкерчилигинин тийиштүү деңгээлинин жоктугу.

7. “Нотариус” — бул мамлекеттин атынан жана жеке жоопкерчиликтин негизинде коомдук нотариалдык ишмердикти жүзөгө ашырууда өзүнө тиешелүү укуктарды жана милдеттерди камтыган өзгөчө жогорку квалификацияга ээ адам экендиги тастыкталган. Ошондой эле нотариустун укуктук статусунун негизги белгилери болуп нотариалдык ишти жүзөгө ашыруудагы укуктары жана милдеттери, жоопкерчиликтери жана мыйзамда каралган негизги кепилдиктер саналат. Бул жерде нотариустардын кесиптик этикасы жана алардын нотариустардын ишмердигиндеги мыйзам бузуулары жөнүндө ченемдерди киргизүү зарылдыгы келип чыгат. Ошол эле учурда нотариустун укуктарынын жана милдеттеринин каталогу илимий системалаштырууга муктаж. Ушуга байланыштуу нотариустун укуктарын жана милдеттерин төмөнкүдөй классификациялоону сунуш кылуу зарыл деп эсептейбиз. ***Коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу механизмин дайындоо боюнча, нотариустун*** материалдык жана процессуалдык ***укуктарын жана милдеттерин айырмалоо керек. Укуктардын жана милдеттердин мазмунунун критерийи боюнча*** нотариустун уюштуруу жана кесиптик укуктарын жана милдеттерин бөлүп көрсөтүүгө болот. Уюштуруу укуктары жана милдеттери нотариустун кызмат ордун ээлөөнүн тартиби жана жол-жобосу, анын нотариалдык палата, юстиция органдары, конституциялык укуктук мамилелердин башка субъектилери менен өз ара аракеттенүүсү менен байланышкан.

8. Жарандардын квалификациялуу юридикалык жардамга конституциялык укуктарын ишке ашырууга нотариаттын катышуусу бир катар шарттарды сактоону талап кылат, алардын катарына нотариустардын жогорку кесиптик даярдыгын, алардын ишмердигине мамлекеттик жана корпоративдик контролду, коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын жогорку стандарттарын, нотариустун өзү тарабынан да, тиешелүү нотариалдык палаталардын жана юстициянын ыйгарым укуктуу органдарынын күчү менен да алардын туруктуу мониторингин киргизүү керек. Активдүү нотариаттын концепциясы нотариалдык коомчулук коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн спектрин кеңейтүү жөнүндө дайыма камкордук

көрүүгө, жарандар жана юридикалык жактар менен "кайтарым байланышка" ээ болууга, алардан келип түшкөн сын-пикирлерди жана сунуштарды жалпылоого, табылган кемчиликтерди четтетүү үчүн зарыл чараларды көрүүгө жана табылган көйгөйлөрдү чечүү үчүн нотариустардын компетенциясы жетишсиз болгон учурларда тиешелүү демилгелер менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга кайрылууга тийиш экендигин болжолдойт. Ушуга байланыштуу, биздин көз карашыбызда, мыйзамдарда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарында нотариалдык палатанын атайын мыйзам чыгаруу демилгеси укугун кароо максатка ылайыктуу. Бул нотариат жана нотариалдык ишмердик жөнүндө мыйзам долбоорлорун киргизүүгө гана мүмкүндүк бербестен, сын-пикирлерди жана сунуштарды иштеп чыгуу үчүн мыйзам чыгаруу демилгеси укугунун башка субъектилери тарабынан киргизилген Нотариат жөнүндө мыйзам долбоорлорун алуу укугун камсыз кылат. Мындай укук жок болгон учурда Кыргыз Республикасынын нотариалдык палатасы мыйзам чыгаруу процессинде өзүнүн корпоративдик кызыкчылыктарын коргоого мыйзам тарабынан кепилдик берилген мүмкүнчүлүккө ээ эмес, ал эми алардын катышуусу жөнүндө маселе парламенттин жана Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу бийлик органдарынын эркин кароосунан тышкары болот.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** ушул диссертациялык иш нотариустун укуктук статусун монографиялык изилдөөнү өзүнө камтуу менен шартталат, ал нотариустардын кесиптик жамааты катары ата мекендик нотариат институтунун укуктук жөнгө салынышынын негизин түздөн-түз аныктайт, ал жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын мыйзамда каралган тартипте ачык жана коммерциялык эмес нотариалдык иш жүргүзүү жолу менен жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону жүзөгө ашырат.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Урматтуу кесиптештер, диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболорун угуп, аны талкуулоого киришсек болот, суроолор болсо берүүңүздөрдү өтүнөмүн.

**ю.и.д., профессор УИА мүчө-корриспонденти Арабаев Ч.И.:** Кечеги маселе эмне болду темаңыздын “Конституционно-правовой статус нотариуса” дегенди?

**Изденүүчү Оморова Г.С.:** Биз теманы шифрге туура келтирүү максатында өзүм иштеген Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуу Кеңешине кайрылып темамды “конституциялык” деген сөздү кошуп ылайыкташтырып, диссертациямды коргоого чейин формулировкасын 12.00.02 шифрине дал келтиремин.

**ю.и.д., профессор УИА мүчө-корриспонденти Арабаев Ч.И.:** Анда Сиз сөзсүз түрдө кошуп коесуз а, ошондо 12.00.02 туура келет, анда болот.

**Изденүүчү Оморова Г.С.:** Оба.

**ю.и.д., профессор Жумабекова Т.А.:** Кечээ биз НАКка барып ушул маселени карап келгенбиз илимий тема талаптарга жооп берет экен жана биринчи илимий жетекчи эски бойдон калып жаңы жетекчи дайындалбайт экендигин бизге айтты. Башка суроо жок.

**ю.и.д., доцент Мурзаибраимов Н.Б.:**Мамлекеттик нотариус менен жеке менчиктеги нотариустардын укуктук статусундагы айырмачылыктары кандай?

**Изденүүчү Оморова Г.С.:** Суроонузга рахмат Нурбек Бектемирович! Кыргыз Республикасынын Нотариат жөнүндөгү мыйзамдын 4-беренесине ылайык Нотариалдык иш-аракеттерди жасоодо мамлекеттик жананотариустар бирдей укуктарга ээ болот жана бирдей жоопкерчилик тартат. Мамлекеттик жана жеке нотариустар тарабынан таризделген документтер бирдей юридикалык күчкө ээ.

**ю.и.д., профессор Самарходжаев Б.Б.:** Нотариалдык аракеттердин жарандардын конституциялык укуктарын ишке ашырууга тийгизген таасири жөнүндө айтып кетсеңиз.

**Изденүүчү Оморова Г.С.:** Суроонузга рахмат Батыр Биляловuч! Кыргыз Республикасынын Нотариат жөнүндөгү мыйзамдын 2-беренесине ылайык Нотариат Кыргыз Республикасынын Конституциясына, жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, нотариус тарабынан Кыргыз Республикасынын атынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган нотариалдык иш-аракеттерди жасоо жолу менен жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу милдети жүктөлгөн.

Анализ действующего законодательства позволяет дополнить существующую классификацию нотариальных действий в сфере защиты конституционных прав граждан еще двумя пунктами «нотариальные действия в сфере защиты конституционного права на обращение в государственные органы и органы местного самоуправления», «нотариальные действия, направленные на защиту конституционных прав в сфере избирательного процесса». Как мы видим, значение института нотариата для защиты конституционных прав и свобод граждан в современном обществе трудно переоценить. Нотариусы, являясь незаменимой частью правовой системы, эффективно осуществляют функции по правовой охране самых различных конституционных прав граждан.

**ю.и.д., профессор Ниязова А.Н.:** Что означает реализация конституционного права на квалифицированную юридическую помощь как основное содержание деятельности нотариата?

**Изденүүчү Оморова Г.С.:** Спасибо за вопрос Анара Натуевна! В сответствии ст 61 Конституции в Кыргызской Республики Каждый имеет право на получение квалифицированной юридической помощи. Законом о нотариате в Кыргызской Республике ст.7 п.2 Частный нотариус, может осуществлять деятельность медиатора. Важнейшая роль института нотариата в обеспечении конституционного права на квалифицированную юридическую помощь предопределяется не только высочайшим профессионализмом нотариусов, их богатейшим опытом защиты прав и свобод человека и гражданина, но и особой правовой природой института нотариата. Нотариат, осуществляя защиту прав и законных интересов физических и юридических лиц, действует от имени государства. Таким

образом, деятельность нотариата имеет публичный характер, направлена на защиту и частных, и публичных интересов, обеспечивает законность.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Дагы суроолор болобу? Эгерде суроолор жок болсо, анда сөз изденүүчүнүн илимий жетекчиси, юридика илимдеринин доктору, профессор А.А.Арабаевдин пикирин тааныштырууга окумуштуу катчыга берилет.

**Окумуштуу катчы ю.и.д., К.С.Жылкычиева:** Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын «Кыргыз Республикасындагы нотариустун конституциялык укуктук макамы» аттуу темадагы 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчисинин Пикири менен тааныштырууга уруксат бериңиздер.

Изденүүчү Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын диссертациялык изилдөөсү актуалдуу темага арналган. Жумушта биринчи жолу нотариустун укуктук макамынын аныктамасы бүгүнкү укуктук тутумунун түзүмүндө анын функцияларын талдоонун негизинде берилет. Укук коргоо жана башка мамлекеттик органдары менен байланышкан нотариалдык ишмердигиндеги субъекттердин укуктук макамынын көйгөйлөрүнө изденүүчү тарабынан өзгөчө көңүл бурулат. Нотариус мыйзамда каралган бардык нотариалдык иш-аракеттерди жасоого укуктуу. Нотариалдык иш-аракеттер нотариус тарабынан бардык жеке жана юридикалык жактар үчүн жасалышы мүмкүн.

Г.С. Оморованын диссертациясы Кыргыз Республикасында нотариатты өнүктүрүү маселелеринде жаңы конкреттүү чечимдерди жана милдеттерди камтыган өз алдынча илимий изилдөө иши болуп эсептелет.

Диссертациялык иште изденүүчү нотариустун укуктук макамына талдоо жүргүзөт, нотариустардын ишин жөнгө салуучу мамлекеттик бийлик органдарынын тажрыйбасын жалпылайт, нотариат иш-аракетин жүргүзүү жаатында мыйзамда каралган уюштуруучулук маселесин изилдейт жана бул институтту өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат.

Диссертациялык иштин алкагында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары: теориялык сунуштар, практикалык сунуштамалар, нотариат системасынын конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруу үчүн конституциялык мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүдө, нотариат ишмердиги боюнча тиешелүү окуу программаларын иштеп чыгууда колдонууга алынып, теориялык маанилүүлүгү жагынан салым кошо алат.

Изденүүчү 2005-жылдан билим берүү системасында, тактап айтканда Ош мамлекеттик юридикалык институттан баштап, бүгүнкү күнгө чейин Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинде “нотариат” предметинен сабак берген улук окутуучу катары эмгектенип, нотариат системасындагы көйгөйлөрдү ичинен таанып-билип, топтогон тажрыйбасы илим жаатында өз алдынча иштөөгө, нотариат өндүрүшүнүн көйгөйлөрүнө сын көз-караш менен кароого жана аналитикалык мамиле жасоо жөндөмдүүлүгүнө чоң өбөлгө боло алды. Анын изилдөө ишинде коюлган маселелерге талдоо жүргүзүүгө, студенттерге жеке нотариустар менен мамлекеттик нотариустун катышуусунда конок лекцияларды уюштуруп,

жеке нотариустар арасында сурамжылоо иштерин уюштуруп, жүргүзүлгөн иш-аракеттерине болгон ой-пикирлерин билип, берген сунуштарын илимий ишинде чагылдырган. Студенттердин нотариат системасында конституциялык негиздерин ишке ашыруу боюнча окуу-методикалык колдонмо жана окуу китебин жазып, анын негизинде ачык сабактарды, тренингдерди өтүп жүргөндүгү, изденүүчүнүн изилдөө ишине болгон кызыгуусунун жана жоопкерчилигинин көрсөткүчү боло алат. Изденүүчү нотариат жаатындагы бир катар көйгөйлүү маселелерди чагылдырган көптөгөн макалалардын автору.

Изденүүчүнүн нотариат системасы боюнча түшүнүгү терең, тажрыйбасы бар болгондугунан улам анын Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын нотариат жөнүндөгү мыйзамды, Кыргыз Республикасынын нотариустары тарабынан нотариалдык иш-аракеттерди жасоонун тартиби жөнүндө нускаманы, Кыргыз Республикасынын нотариалдык иш маселелери жөнүндө министрлер Кабинетинин токтомдору менен нускамаларын колдонуп, талдоого алгандыгын өзгөчө белгилей кетүү керек.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы мыйзам тартибинде каралган ачык жана коммерциялык эмес мүнөздөгү нотариалдык ишмердиктеги жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын түздөн-түз коргоону жүзөгө ашырууда ата-мекендик нотариаттын негизин түзгөн нотариустун укуктук макамын аныктоочу жоболор жана аныктамалар диссертацияда орун алгандыгы менен негизделет. Ошондой эле бир гана нотариус, соттук, материалдык, уюштуруучулук кепилдиктери менен камсыздалган ага берилген мыйзамдуу укуктардын негизинде жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча жалпы ишмердигин туура нукта жүзөгө ашыруу, өз милдетин аткарууда жоопкерчилик алуу, толук нотариалдык коргоону жогору балоодо позитивдүү коомдук пикирди түзө алат.

2023-жылы кабыл алынган нотариат жөнүндө КРнын мыйзамы бүгүнкү күнгө чейин экономикалык өзгөрүүлөр жана реформаларды өткөрүүдө бир нече толуктоолорго жана өзгөртүүлөргө дуушар болгондугу, мындай көрүнүш мыйзам чыгаруу ишмердигинде кaталарды жана кемчилдиктерди эске алуу менен жаңы мыйзам долбоорлорун кабыл алуунун актуалдуулугун далилдеп тураары талашсыз.

Мамлекеттик жана жеке нотариустардын ыйгарым укуктарынын жана башка жарандык юрисдикциясынын катышуучулардын ыйгарым укуктары менен чектөөсүнүн көйгөйлөрү илимий чөйрөдө талаш пикир жаратып укук колдонуу ишмердигинде бир топ кыйынчылыктарды пайда кылып, соттук жана нотариалдык ишмердигин жөнгө салган маселелер боюнча изилдөөгө алган бир топ окумуштуулардын басылмаларында чагылдырылган. Ушундан улам биздин өлкөбүздөгү нотариустун укуктук макамынын мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн камтыган жоболорду иштеп чыгуу, улуттук мыйзамдын жана нотариаттын өнүгүүсүнө шарт түзүлөөрү албетте негиздүү. Айтылган бул көйгөйлөрдү чечүү чоң теориялык жана практикалык мааниге ээ.

Бул изилденүүчү тема бүгүнкү күнгө чейин жалпы теориялык планда изилдөөнүн предмети болгон эмес, ошондой эле нотариустун укуктук макамын талдоонун негизинде нотариустун милдеттерин жана жоопкерчиликтерин, укуктарын жүзөгө ашырууда укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү баса белгиленип, бул изилдөө биринчи жолу болууда.

Изилдөөнүн максаты нотариат ишмердигин заманбап уюштуруунун коомдук-укуктук негиздерин өркүндөтүүгө багытталган жана нотариустардын укуктары, милдеттери менен жоопкерчилигин камтыган илимий жоболорду иштеп чыгуу болуп саналат.

Жетиштүү түрдө темага байланышкан материалдарга талдоо жүргүзүлгөн жана изилдөөнүн илимий натыйжаларынын жогорку аргументтүүлүгү камсыз кылынган.

Изденүүчүнүн жүргүзгөн изилдөөсү автор катары илимий анализдин методдорун жетиштүү деңгээлде билгендиги, бул тема боюнча терең илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жетиштүү деңгээлде даярдыгынын бар экендигин далилдейт.

Диссертациялык изилдөө өз максатына жетти.

Изденүүчүнүн алдына коюлган маселелер тиешелүү деңгээлге чечилди.

Автордун жарыяланган эмгектери жана алардын саны талаптарга толук жооп беришет.

Диссертациянын мазмуну 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистигине дал келет.

Жогорудагыларды эске алып, «Кыргыз Республикасындагы нотариустун укуктук макамы» аттуу темадагы диссертация «Окумуштуу даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү» Жобонун 8- жана 10- пункттарынын талаптарына толук жооп берет жана 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн коргоодо колдоого ээ болот дем эсептейм.

Изденүүчү Оморова Гүлзат Сатыбалдыевна 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты болууга татыктуу.

Илимий жетекчиси, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтунун илимий кызматкери,
Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи, юридика илимдеринин доктору, профессор Арабаев Автандил Анисовичтин колун тастыкталган.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Кеңештин ишин уланталы. Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, илимий кеңешчинин пикирине суроолор барбы? Илимий жетекчиси пикрин кол коюуп берип тастыктап койгон экен, ошондуктан рамка менен эле илимий жетекчиси деп өтө турган болгон.

**ю.и.д., профессор Жумабекова Т.А.:** Кечээ да НАКта Автандил Анисовичтин коомдо окумуштуулук чөйрөдө абдан бийик өзүнүн орду болгон муну НАКтадагы белгиледи, каза болгондугуна бир аз эле убакыт болду ошол себебтен мындай кылганыңар болбойт өзүнүн багыты боюнча кете берсин бардык талаптарга иш жооп берет деп айтышты.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Эгерде суроолор жок болсо, анда сөздү эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө берели.

Анда сөз, эксперттик комиссиянын мүчөсүнун эксперттик корутундусуну менен тааныштырууга сөз, диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын төрагасы юридика илимдеринин доктору, профессор Бейшембиев Эсенгул Джумашевичке берилет.

**ю.и.д., профессор Бейшембиев Э.Д.,:** 12.00.02- конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча **«Кыргыз Республикасынын нотариустун конституциялык укуктук макамы»** аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган **Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын** диссертациясы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.24.695 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын Төрагасы **юридика илимдеринин доктору, профессор Бейшембиев Эсенгул Джумашевич**, төмөнкүдөй корутундуга келдим:

**1. Диссертациялык кеңеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адистикке иштин (изилдөөнүн) дал келүүсү.** Ош мамлекеттик юридика институтунун Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 2-октябрындагы №2 протоколу менен бекитилген, **«Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы»** аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган **Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын** диссертациясы Д 12.20.617 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет.

Автандил Анисович менин студенттим болгон жана докторлугуна бир топ жөлөп таяп жактатканбыз , арбагы ыраазы болсун деп биз колдойбуз.

Өзүңүздөр билесиздер да талаптарды. Биз баарын карап чыктык жана мен негизги эскертүүлөргө токтоло кетейн.

Эскертүү:

1. Биздин оюбузча, диссертациянын "Кыргыз Республикасында нотариустун конституциялык укуктук статусун өркүндөтүү маселелери" деп аталган 3-бөлүмүнүн мазмунун күчөтүү зарыл.

2. Диссертациялык иште нотариустун укуктук статусун Кыргыз Республикасынын “Нотариат жөнүндө” мыйзамында түздөн-түз көрсөткөндүктөн ага басым жасап жеке ишкердин укуктук статусунан айрымаларын теоретикалык жана практикалык негизде толугу менен көрсөтүлгөн эмес.

3. Диссертациялык иштин корутундуларында көрсөтүлгөн жоболорду күчөтүү зарыл.

Бул сын-пикирлер дискуссиялык мүнөзгө ээ жана диссертациялык иштин мазмунуна таасирин тийгизбейт.

Сунуштар:

1. Коомдук мамилелерди укуктук жана укуктук жөнгө салуу механизмин камсыз кылган уюм катары кесиптик юридикалык компаниясынын аспектиси боюнча нотариатты кеңейтүү сунуш кылынат.

2. 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында мындан ары изилдөө үчүн негиз катары кайсы жоболорду алуу керектигин так көрсөтүү сунушталат.

3. Изденүүчүгө бул тематика боюнча мурдагы СССРдин жана Кыргызстандын окумуштууларынын эмгектерине салыштырмалуу укуктук анализ жүргүзүүдө андан аркы илимий изилдөөлөр сунушталат.

Экспертизага берилген диссертациялык изилдөө - бул конституциялык укук, муниципалдык укук сыяктуу актуалдуу илимий багытты өнүктүрүүнүн жаңы концептуалдык көз карашын иштеп чыгуу болгон индивидуалдуу илимий жана квалификациялык эмгек; эмгек принципиалдуу жаңы натыйжаларды камтыйт, анын жыйынтыгы юридикалык илимдеги ири жетишкендик.

Диссертациялык кеңешинин эксперти, сунушталган документттерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.24.695 диссертациялык кеңешине 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын нотариустун конституциялык укуктук макамы» аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган **Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын** кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К:** диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын төрагасынын эксперттик корутундусуну суроолор барбы? Эгерде суроолор жок болсо, анда сөздү эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө берели.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К:** Анда эмесе сөз, эксперттик комиссиянын эксперттик корутундусуну менен тааныштырууга соз, диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү юридика илимдеринин доктору, профессор А.Б. Калматовдун эксперттик корутундусун тааныштыруу үчүн соз окумуштуу катчы ю.и.д., Жылкичиева К.С берилет

**Окумуштуу катчы ю.и.д., Жылкичиева К.С.:** Урматтуу, Төрайым, урматтуу диссертациялык кенешинин мүчөлөрү! Сиздерди корутундусу менен тааныштырып кетүүгө уруксат бериңиздер.

12.00.02- конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча **«Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы»** аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган **Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын** диссертациясы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.24.695 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү **юридика илимдеринин доктору, профессор Калматов Анарбек Баратович төмөндөгү корутундусун берди**:

**1. Диссертациялык кеңеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адистикке иштин (изилдөөнүн) дал келүүсү.** Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» темасындагы сунуштаган кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин адистигине дал келет. Жогорудагы сунушталган кандидаттык диссертациянын темасы Ош мамлекеттик юридика институтунун Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 2-октябрындагы №2 протоколу менен бекитилген.

**Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамына** изилдөө жүргүзүлгөн, ал толугу менен 12.00.02- конституциялык укук, муниципалдык укук адистигинин паспор туна жооп берет. Бул эмгек илимде бар тажырыйбаны гана жалпылоо болуп эсептелбестен, анын негизинде турган күчүндөгү мыйзамдар турган, толук кандуу өз алдынча изилдөө болуп эсептелет. Жактоого коюлган жоболор диссертанттын жеке өзү тарабынан иштелип чыгып, бул темадагы изилдөө мамлекеттик тилде жазылган тунгуч эмгектердин катарына кирет. Жогоруда айтылгандардын бардыгы 12.00.02- конституциялык укук, муниципалдык укук адистигинин паспортунун пункттарына толук дал келет.

Диссертациялык иштин максатын, диссертация темасынын актуалдуулугун, диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине шайкештигин, илимий натыйжаларын көрсөтүп кеткен жана Диссертациянын теориялык жана экономикалык маанисин, кандидаттык диссертациянын классификациялык критерийлерин туура келет деп көрсөтүп кеткен.

**Эскертүү:**

1. Биздин оюбузча, диссертациянын корутундусунда жоболордун көлөмүн кыскартуу мүмкүн деп эсептешейбиз.

2. Диссертациялык иште орус тилинде жарыяланган авторлордун эмгектерди кеңири тизмесин талдаган, ошону менен бирге бир ата-мекендик авторлордун эмгеги бир кыйла азыраак.

3. Диссертациянын текстинде өзүнчө стилистикалык жана техникалык каталар байкалат.

Бул сын-пикирлер дискуссиялык мүнөзгө ээ жана диссертациялык иштин мазмунуна таасирин тийгизбейт.

**Сунуштар:**

Нотариустун укуктук статусун түшүнүү проблемалары багытында бул тема боюнча мындан аркы илимий изилдөөлөр сунушталат .

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо тууралуу сунуштун негиздүүлүгү:**

**Жетектөөчү уюм** катары 12.00.02 адистиги боюнча юридикалык илимдердин докторлору иштеген Милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Кыргыз Республткасынын ИИМин Академиясынын мамлекеттик жана укуктук дисциплиналар кафедрасы;

**- биринчи расмий оппонент катары** юридика илимдеринин доктору, профессор, **Мухамеджанов Эдуард Булатович** (12.00.02 авторефераты

боюнча адис); анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар.

- **экинчи расмий оппонент катары** юридика илимдердин кандидаты, Абдраманов Адилет Таалайбекович, (12.00.02 авторефераты боюнча адис) анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар.

**Корутунду:** Изденүүчү Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын алган жыйынтыктары ички биримдик жана изилденүүчү проблеманын алкагында жыйынтыктардын байланыштарынын болушу менен мүнөздөлөт.

Ошондуктан диссертациялык кеңешинин эксперти, сунушталган документттерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.24.695 диссертациялык кеңешине 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы» аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган **Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын** кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

*Эксперттик комиссиянын мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, профессор А.Б. Калматовтин эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колу тастыкталган.*

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К:** диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн эксперттик корутундусуна суроолор барбы? Эгерде суроолор жок болсо, анда сөздү эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө берели.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К:** Анда эмесе сөз, эксперттик комиссиянын эксперттик корутундусуну менен тааныштырууга соз, диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү юридика илимдеринин доктору, профессор **Мухамеджанов Эдуард Булатовичке** эксперттик корутундусун тааныштыруу үчүн сөз окумуштуу катчы ю.и.д., Жылкичиева К.С берилет.

**Окумуштуу катчысы ю.и.д., Жылкичиева К.С.:** Урматтуу, Төрайым, урматтуу диссертациялык кенешинин мүчөлөрү! Сиздерди диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн ю.и.д., профессор **Мухамеджанов Эдуард Булатович** корутундусу менен расмий тилде тааныштырып кетүүгө уруксат бериңиздер.

Член экспертной комиссии Мухамеджанов Эдуард Булатович (д.ю.н., проф. (12.00.02)) Диссертационного совета Д 12.24.695 при Институте государства и права Национальной академии наук Кыргызской Республики,

Кыргызском национальном университете им.Ж.Баласагына и Ошском государственном университете по диссертации Оморовой Гүлзат Сатыбалдыевны на тему: «Правовой статус нотариуса в Кыргызской Республике», представленной на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.02 – конституционное право; муниципальное право; рассмотрев представленную соискателем Оморовой

Гүлзат Сатыбалдыевной диссертационную работу, пришел к следующему заключению:

1. Соответствие работы специальности, по которой дано право диссертационному совету принимать диссертации к защите

Представленная Оморовой Гүлзат Сатыбалдыевной кандидатская диссертация на тему: «**Правовой статус нотариуса в Кыргызской Республике**» соответствует профилю диссертационного совета.

В работе исследуется правовая природа института нотариата в единстве с экономическими аспектами его деятельности. При этом, сформулированы новые подходы к изучению правового статуса нотариуса и критерии разграничения нотариусов. На основе проведенного анализа, автором предложено авторское определение в сфере правового статуса нотариуса, нотариальной палаты, нотариальной деятельности ввиду имеющихся законодательных пробелов, на основе анализа его функций в структуре современной национальной правовой системы. Кроме того, автором проведен анализ правового регулирования наиболее распространенных субъектов нотариальной деятельности и их взаимодействию с правоохранительными и иными государственными органами КР и предложен ряд основных направлений и перспектив совершенствования института нотариата в современных условиях, что в полной мере отвечает паспорту специальности 12.00.02 – конституционное право; муниципальное право.

На основании вышеизложенного можно заключить, что научное исследование, предпринятое соискателем, представляется весьма актуальным и своевременным.

Автореферат полностью соответствует содержанию диссертации, поставленной в ней цели и задачам исследования. Автореферат имеет идентичное резюме на кыргызском, русском и английском языках.

**Замечания**

1. В исследовательской части диссертации автор использовал историко-правовой и логический, а также сравнительно-правовые методы, мало уделяя внимание системному анализу.

2. Целесообразно более шире раскрыть вопросы касающихся обеспечения нотариальными услугами в населенных пунктах органами местного самоуправления, но и также представителей дипломатических служб за рубежом.

3. Необходимо дополнить раздел, касающийся правовых аспектов наступления юридической ответственности нотариуса.

Данные замечания имеют дискуссионный характер и не умаляют достоинств работы в целом.

**Предложения**

Член экспертной комиссии Диссертационного совета Мухамеджанов Эдуард Булатович предлагает по кандидатской диссертации Оморовой Г.С. назначить:

- в качестве ведущей организации кафедру «государственн-правовых дисциплин» Академии МВД им.Э.А.Алиева (адрес: Кыргызская Республика, Бишкек, 720033 ул.Ч.Валиханова, 1А);
- первым официальным оппонентом - **Мухамеджанова Эдуарда Булатовича,** доктора юридических наук, профессор (12.00.02), профессор кафедры «Международное право» Казахского университета международных отношений и мировых языков им. Аблай хана, который имеет труды, близкие к проблеме исследования;
- вторым официальным оппонентом - **Абдраманова Адилета Таалайбековича**, кандидата юридических наук (12.00.02), генеральный директор ОсОО «Вессел», который имеет следующие труды близкие к проблеме исследования.

**Заключение**

Сформулированные в диссертации научные положения, выводы и заключения основаны на достоверных источниках, полученных из обобщения и анализа специальной литературы, законодательства и правоприменительной практики.

Член экспертной комиссии Диссертационного совета, **Мухамеджанов Эдуард Булатович** рассмотрев представленные документы, рекомендует Диссертационному совету Д 12.24.695 при Институте государства и права Национальной академии наук Кыргызской Республики, Кыргызском национальном университете им.Ж.Баласагына и Ошском государственном университете, принять диссертацию Оморовой Гүлзат Сатыбалдыевны на тему: «Правовой статус нотариуса в Кыргызской Республике», представленной на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.02 – конституционное право; муниципальное право к публичной защите.

*Подпись члена экспертной комиссии заверено.*

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Кеңештин ишин улантабыз. Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөлөрүнүн Баштапкы текшерүү актысы тиркелген, баштапкы документтер ишенимдүү жана жеткиликтүү негизде деген тыянак чыгарылган. Дагы суроолор барбы? Суроолор жок.

**Төрайымдык кылуучу ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Анда эмесе уюштуруу маселесине өтөлү. Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиянын мүчөлөрү төмөнөкүлөрдү дайындоону сунуштайт:

**Жетектөөчү уюм** катары 12.00.02 адистиги боюнча юридикалык илимдердин докторлору иштеген Милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Кыргыз Республткасынын ИИМин Академиясынын мамлекеттик жана укуктук дисциплиналар кафедрасы;

**Расмий оппонент катары:**

**- биринчи расмий оппонент катары** юридика илимдеринин доктору, профессор, **Мухамеджанов Эдуард Булатович** (12.00.02 авторефераты боюнча адис);

**- экинчи расмий оппонент катары** юридика илимдердин кандидаты, Абдраманов Адилет Таалайбекович, (12.00.02 автореферата боюнча адис), анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын эмгектери бар

**ю.и.д., профессор УИА мүчө-корриспонденти Арабаев Ч.И.:** Менде суроо бар, экинчи расмий оппонент кай жерде иштейт, жана жетектөөчү уюмда бул тема боюнча изилдөөлөр жүргөнбү? Башында мен да келбей калганмын, окумуштуу катчыга жана Сизге замечание мындан ары ушуну эске алып жүрүңүздөр жана бул кызды дагы кыйнабай кете берсин. Спецсоветтен да жакшы өтүшү керек да. Мунун баарын эске алыңыздар урматтуу кесиптештер.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Чоң рахмат! Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү добуш берип койунуздар. Жыйындын катышуучуларынын бардыгы **макул.**

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.: Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын** 12.00.02- конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча **«Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы»** аттуу темадагы диссертациясы боюнча Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөлөрүнүн кортундусу жана Текшерүү актысынын корутундуларына ылайык, баштапкы документтер ишенимдүү жана жеткиликтүү негизгиде экендиги угулду.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Ишибизди андан ары уланталы. Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мүчөлөрүнүн кортундусун жана текшкрүү протоколун бекитүүгө өтөлү.

**Комиссиянын төрагасы: Бейшембиев Эсенгул Джумашевич,** юридика илимдеринин доктору, профессор

**Комиссиянын мүчөлөрү: Калматов Анарбек Баратович**, юридика илимдеринин доктору, профессор, **Мухамеджанов Эдуард Булатович** юридика илимдеринин доктору, профессор.

12.00.02- конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча **«Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы»** аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган **Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын** диссертациясынын баштапкы документтердин ишенимдүүлүгүнүн болгондугун жана илимий иштин аткарылган көлөмү боюнча текшерүү жүргүзүлгөн.

Уруксат берсеңиздер мен комиссиянын корутундусу менен тааныштырып коеюун.

Диссертация боюнча баштапкы документтер ишенимдүү. Илимий-практикалык материалдын болгон көлөмү жетиштүү, изденүүчү тарабынан коюлган максаттардын, милдеттердин жана изилдөөнүн натыйжаларынын маңызын чагылдырат. Диссертациядагы материалдардын алгылыктуу көлөмү, толук баштапкы документтердин болушу изденүүчү тарабынан алынган натыйжалар жеткиликтүү жана коюлган талаптарга жооп берет.

**Төрайым ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү ушул акт боюнча добуш берип койунуздар. Жыйындын катышуучуларынын бардыгы **макул.**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, Ош мамлекеттик университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.24.695 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

**1**. Оморова Гүлзат Сатыбалдыевна «**Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы»** деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын кортундусу **бекитилсин.**

**2**. 12.00.02- конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын «**Кыргыз Республикасынын нотариустун укуктук макамы»** деген темадагы кандидаттык диссертациясы **коргоого алынсын.**

**3.** Жетектөөчү уюм катары: Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясынын Мамлекеттик укуктук дисциплиналар кафедрасы бекитилсин.

Расмий оппонент катары:

- биринчи расмий оппонент: **Мухамеджанов Э.Б.-** изилдөө көйгөйлөрүнө жакын болгон эмгектерге ээ болгон юридика илимдеринин доктору, профессор, (12.00.02) бекитилсин.

-экинчи расмий оппонент: **Абдраманов А.Т..–** изилдөө көйгөйлөрүнө жакын болгон эмгектерге ээ болгон, юридика илимдеринин кандидаты, (12.00.02) бекитилсин.

**Д 12.24.695 Диссертациялык**
**кеңештин төрайымы:**
**юридика илимдеринин доктору,**
**профессор** **К.Г.Кулдышева**

**Д 12.24.695 Диссертациялык**
**кеңештин Окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин доктору** **К.С.Жылкичиева**